КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

**“1” 08 2023-ж №223** **Кызыл-Суу айылы**

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын 23-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу муниципалдык менчиктеги жер тилкесин аукциондук негизде 5-жылдык ижарага берүү жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин сатуу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 571 токтому менен бекитилген жобонун негизинде жана айыл өкмөтүнүн 2023-жылы 25-январь айында №11 буйругу менен түзүлгөн жерге укукту берүү боюнча комиссиянын сунушун карап чыгып, талкуулап айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин сатуу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 571 токтому менен бекитилген жобонун негизинде жана айыл өкмөтүнүн 2023-жылы 25-январь айында №11 буйругу менен түзүлгөн жерге укукту берүү боюнча комиссиянын сунушун эске алынсын.

2.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык менчикте турган Манас көчөсүндөгү №202/б дарегинде жайгашкан 44,0 чарчы метр идентификациялык номери 2-02-10-1001-4498 менен катталган жер тилкесин 5-жылдык ижарага берүүгө auксион өткөрүүгө уруксаат берилсин.

3. Муниципалдык менчикте турган жер тилкелери жерге укуктуу берүүчү комиссиянын чечиминин негизинде жогорудагы жер тилкесин 5-жылдык ижара аукционго берүү үчүн иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн жер маселелер боюнча башкы адиси Н.Бакчиевге тапшырылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысы Р.Эшмамбетовго милдеттендирилсин.

**Айылдык Кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева**